ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ПЕДАГОГИКА. ПСИХОЛОГИЯ

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ПЕДАГОГИКА. ПСИХОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PEDAGOGY. PSYCHOLOGY

**e-ISSN: 1694-8742**
№2(3). 2023, 23-28

**УДК: 37.9**
**DOI:** https://doi.org/10.52754/16948742_2(3)_3-2023

# НАЗАРОВ М. Н. – ИЛИМПОЗДОРДУН ҮЙ-БҮЛӨСҮНҮН БАШЧЫСЫ

НАЗАРОВ М. Н. – ГЛАВА СЕМЬИ УЧЕНЫХ

NAZAROV M. N. IS THE HEAD OF A FAMILY OF SCIENTISTS

**Мадраимов Сапарбек Мадраимович**
*Мадраимов Сапарбек Мадраимович*
*Madraimov Saparbek Madraimovich*

**пед. илимд. канд., А. Мырсабеков ат. Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин профессору**
*канд. пед. наук, профессор Ошского государственного педагогического университета им. А. Мырсабекова*
*Cand. of  Ped. Sciences, Professor at Osh State Pedagogical University named after. A. Myrsabekova*
saparbek.madraimov@bk.ru

# М. Н. НАЗАРОВ – ИЛИМПОЗДОРДУН ҮЙ-БҮЛӨСҮНҮН БАШЧЫСЫ


**Аннотация**

Инсан төрөлгөндө Алла таала бардык жөндөмдүүлүктөрдү кошо жаратат, алардын кайсы бирин өнүктүрүп-өстүрүп кетүү үй-бүлөдөн, айлана чөйрөдөн. Тарбиядан жана билим алуудан боло тургандыгы шексиз. Чындыгында наристеде үйнөнү дүнгүрөткөн чебер колдуу сүрөтчү, касиетүү чексиз ааламдагы кубултарды багынтуучу астролог, дегеле жети ааламдын сырларын багынтуучу, изилдөөчү илимпоз болуу ар пенденин пешенесине ар кандай жазылат туура. Бүгүн биз сөз кылуучу инсан, өзүнүн туруш-турпаты менен башкалардан айырмалануучу, өзгөчө кулк мүнөзгө ээ. 1955-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институн алгачкы артыкчылык диплому менен бүтүрүүчүсү педагогика илимдеринин кондидаты, профессор Назаров Мадамин агай жөнүндө болуп жатат. М. Назаровдун үй-бүлөсү математиктерден тураары (үй-бүлөдө 6 математик), алардын 5өөсү илимдин кондидаттары экендиги белгиленген. Демек, профессор М.Н. Назаров –илимпоздордун үй-бүлөсүнүң башчысы, уул- кыздарына татыктуу тарбия берген инсан экендиги белгиленген.



***Ключевые слова:*** профессор М.Н. Назаров, математикалык билим берүү, мугалим, үй-бүлө, эмгек ишмердүүлүгү.


***Назаров М.Н. – глава семьи ученых***


**Аннотация**

В данной статье анализируются актуальные проблемы формирования личности в условиях Кыргызстана, в частности, на примере семьи М.Н. Назарова. Особое внимание уделяется роли воспитания и обучения в развитии и формировании личности будущих учёных и педагогов. Именно воспитание и обучение являются основополагающими факторами в раскрытии талантов и способностей учащихся и студентов. Поэтому семья М. Назарова верила в могучую силу педагогики и с малых лет прививала детям веру и любовь к науке. В результате кропотливого труда из семьи М. Назарова вышли 6 математиков, из них 5 кандидатов наук. В статье широко освещается трудовой путь кандидата педагогических наук, профессора Мадамина Назарова, окончившего с «отличием» Ошский государственный педагогический институт в 1955 году. Таким образом, профессор М.Н. Назаров является главой семьи учёных, человеком, давшим своим сыновьям и дочерям достойное воспитание. В работе широко анализируется трудовая деятельность М.Н. Назарова, как педагога и крупного ученого, который внес большой вклад в развитие педагогической науки. Данный анализ трудовой и научно-педагогической деятельности М.Н. Назарова даст новый импульс в осмыслении роли современных наук.



***Ачкыч сөздөр:*** профессор М.Н. Назаров, математическое образование, учитель, семья, трудовая деятельность.


***Nazarov M.N. is the head of a family of scientists***


**Abstract**

This article analyzes current problems of personality formation in the conditions of Kyrgyzstan, in particular, using the example of the family of M.N. Nazarov. Particular attention is paid to the role of education and training in the development and formation of the personality of future scientists and teachers. It is education and training that are the fundamental factors in revealing the talents and abilities of students. Therefore, M. Nazarov’s family believed in the powerful power of pedagogy and instilled in their children faith and love of science from an early age. As a result of painstaking work, 6 mathematicians emerged from M. Nazarov’s family, including 5 candidates of science. The article widely covers the career path of the candidate of pedagogical sciences, professor Madamin Nazarov, who graduated from the Osh State Pedagogical Institute with honors in 1955. Thus, Professor M.N. Nazarov is the head of a family of scientists, a man who gave his sons and daughters a decent upbringing. The work widely analyzes the work of M.N. Nazarov as a teacher and major scientist who made a great contribution to the development of pedagogical science. This analysis of the labor and scientific-pedagogical activities of M.N. Nazarov will give a new impetus to understanding the role of modern sciences.



***Keywords:*** professor M.N. Nazarov, mathematical education, teacher, family, labor activity.



Мен 1965-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика- математика факультетинин математика адистигине кирип, 1969-жылы аяктадым.

М. Назаров 3-курстан баштап математиканы окутуунун усулунан атайын семинарларды өтүп жүрдү. М. Назаровдун жетекчилиги алдында курстук иштерди жазып педагогикалык практикада математика предметин окутууга кириштим.

1969-жылы аталган окуу жайды аяктап азыркы Аксы районуна караштуу Кош-Дөбө орто мектебинде математика мугалими болуп иштеп, математика боюнча райондук, областтык олимпиадаларга окуучуларды катыштыра баштадым. Ал мезгилде областтык математикалык олимпиадаларга педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Мадамин Назаров жетекчилик кылар эле.

1973- жылы Жаңы-Жол районунун борбору Караван кыштагында Жаңы-Жол, Чаткал жана Ала-Бука райондорунун математика мугалимдеринин билимин өркүндөтүү курсу уюштурулуп, лектор катары М.Назаров келип калды. Ал мезгилде мен райондун борборундагы Ж.Бөкөнбаев атындагы мектепте иштечүмүн. Буга чейин райондук "Жаңы турмуш" газетасына математиканы окутуу боюнча эки усулдук макала жарыялап, "Эл агартуу" журналына да макалаларды жазып даярдап койгон элем.

Агайдын аталган курста лекция окуп бошой калган мезгилде жазган макалаларымды көрсөтүп, көп көп-кеңештерин алдым. Макала жазуунун жол жоболорун үйрөндүм. Ошентип агай менен тыгыз байланышып, математиканы окутуунун теориясы жана методикасы илимий багыты боюнча иштөөгө кириштим.

1974-1975-окуу жылы аяктап чөп жыйноодо жүргөн мезгилде, аксылык жигит ОМПИнин математика адистигинин бүтүрүүчүсү Шырдаковдон математиканы окутуунун усулу кафедрасынын башчысы, п.и.к., доцент М. Назаров кат жазып жиберитир. Бул катта: "Кафедрада окутуучулук бир орунга конкурс жарыяланган эле. Эгерде илимий иш жасаймын десең, ушул конкурска катышып көрбөйсүңбү?"- деген билдирүү жазылган экен. Өзүмчө терең ойлонуп көрүп, катышса катышып көрөйүн деп Ошко жөнөп кеттим.

ОМПИнин физика-математика факультетине келип, математиканы окутуунун методикасы кафедрасында М.Н. Назаровго жолуктум.

«Жогорку окуу жайында иштеймин деген оюң бекем болсо, анда илимий иштер менен алектенип, илимдин кандидаты болушун зарыл. Жашоо үчүн квартира жок. Айлык акы аз» - деп (ал мезгилде окутуучу 125 сом, ага окутуучу 185 сом, илимдин кандидаттары - 320 сом айлык акы алышчу) агайым мени кыйла ойго чөмүлттү. Бир аз тыныгуудан кийин агайга: "Менин жогорку окуу жайына келип иштемекчи болушумдун негизги максаты илимий чөйрөгө аралашып, өзүмдүн үстүмдөн тынымсыз иштеп, сиздин кеп-кеңешиңизди угуп, илим багытында сиз менен бирге жакшы бир иштерди жасоо"- дедим.

Менин айткан ойлорума ынанып, кафедрада окутуучу болуп иштөө үчүн конкурска катышууга уруксат сураган мазмунда арыз жаздырды. Кийин агай мени факультеттин деканы, физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент маркум С.Абдыкалыковго, ОМПИнин кесиптик кошунунун төрагасынын орун басары, философия илимдеринин кандидаты, доцент маркум Ш.Базарбаевге, ОМПИнин окуу иштери боюнча проректору, физика-математика

илимдеринин кандидаты, доцент Е.С. Дударевге алып кирип, аңгемелешүүдөн өткөрдү. Ошентип, 29-август күнү ОМПИнин Окумуштуулар Кеңешинин жыйыны болуп, анда конкурстук шайлоодон өтүп кафедранын окутуучусу болуп калдым. Өзүмө берилген предметтер боюнча сабак өтүп, бош боло калганда агайдын сабактарына катышып, сабак өтүүнүн көптөгөн ыкмаларын үйрөнүүгө жетиштим.

Профессор М.Назаров кафедранын бардык мүчөлөрүнө бирдей талаптарды коюп, анын жыйынтыгын чыгарууга аракет жасачу.

1978-жылы Киев шаарындагы М. Горький атындагы désinstitutka окутуучулардын билимин өркүндөтүү үчүн 4 айлык курска чакыруу келип, ага математиканы окутуунун методикасы кафедрасынан эч ким жок болуп калат. Ал мезгилде мен студенттер менен айыл чарба жумушунда элем. Пахта теримде өз мөөнөтүмдү өтүп келсем, агай курска барып келбейсиңби деп калды. Бул сунушка макул болуп илимий иштер боюнча проректорго кайрылсам: "Курстун башталганына бир ай болуп калды. Өзүңөр суйлөшүп көргүлө. Эгерде ал жактан макул болушса жөнөтөбүз"- деп айтты. Агай мени ээрчитип алып сүйлөшүү пунктунан Киевге телефон чалып, алардын курска келе берүү жөнүндөгү макулдугун алып мени курска жөнөткөн (Мадраимов, 2022). Бул мамилени агайдын шакиртине жасаган зор камкордугу деп эсептеймин.

Устатым профессор М.Н. Назаров менен бирге иштеп бир нече окуу-усулдук колдонмолорду жараттык. Айрыкча жаңычыл-новатор окутуучулардын иш- тажрыйбаларын жазып, мектеп мугалимдерине жеткирүүнү биринчи планга койчу эле. Жаңычыл окутуучулардын иш-тажрыйбаларын жайылтуу максатында мени Ала-Бука районундагы "1-Май" орто мектебине педпрактиканы жетектөө менен ошол мектептин директору, эл агартуунун мыктысы, математика мугалими, маркум П. Жуманазаровдун иш-тажрыйбасы боюнча окуу-усулдук колдонмо жазууну сунуш кылган эле. Бул мезгилде П. Жуманазаров жаңычыл-новатор мугалим В.Ф. Шаталовдун иш-тажрыйбаларын үйрөнүп, өзүнө да жолугуп, анын иштөө усулдарын терең өздөштүрүп иштеп жаткан мезгили эле.

"1-Май" орто мектебинде бир ай бою практиканттардын жетекчиси болуу менен шаталовчу атыккан П. Жуманазаровдун сабактарына катышып, иштөө ыкмаларын үйрөнүп келип, устатым М. Назаров менен бирдикте 1989-жылы "Математиканы орто мектептерде окутуунун тажрыйбасынан" деген окуу-усулдук колдонмону жазганбыз. Муну айтып жатканымдын себеби М. Назаров тигил же бул проблеманы терең изилдеп жазганды катуу талап кылар эле.

Агай өзү ишке алган М. Алтыбаева, С. Мадраимов, С. Жапаров аттуу окутуучулар илимдин кандидаттары болушуп, үзүрлүү эмгектенип жатышат. Ал эми агайдын тикеден-тике жетекчилиги астында Б. Касымбаев, А. Аттокурова илимдин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болушту.

Профессор М. Назаров математиканы окутуунун теориясы жана методикасы боюнча Кыргызстандагы чыгаан усулчулардын бири болуп эсептелет (Ош МУнун жарчысы, 2008).

Ошону менен бирге агай балдарына да жакшы тарбия берип, баардыгын жогорку билимдүү, илимий даражалуу кылып чыгарды. Үй-бүлөсү, балдары жөнүндө учкай сөз кылып өтүүнү туура көрдүм.

Төмөнкүдө маалыматтар боюнча Назаровдун үй-бүлөсү математиктерден тураары (бир үй-бүлөдө 6 математик), ошондой эле алардын бешөөсү илимдин кандидаттары экендигин белгилөөгө болот.

Бул маалыматтардын негизинде профессор М.Н. Назаров-илимпоздордун үй-бүлөсүнүн башчысы болгон. Уулдарына, кыздарына татыктуу тарбия берген инсан эле.



Назаров Мадамин Назарович Ош мамлекеттик педагогикалык институтун 1955-жылы артыкчылык диплом менен аяктаган. Ош пединститунун 1-бүтүрүүчүлөрүнүн бири. Педагогика илимдеринин кандидаты, профессор.

Көп жылдар бою "Математиканы окутуунун методикасы" кафедрасында башчы болуп иштеген.



1. Аялы Наралиева Мариям агай менен бирге окуп,окуу жайды бирге бүтүргөн. Ош шаарындагы Ленин орто мектебинде математика мугалими, кийинчирээк окуу иштери боюнча директордун орун басары болуп көп жыл иштеп, ардактуу эс алууга чыккан.



2. Уулу, Мухаммед Назаров Ош мамлекеттик университетинде физика-математика факультетин аяктаган. Ленинград шаарындагы Герцен атындагы педагогикалык университетинин аспирантурасын аяктап, педагогика илимдеринин кандидаты даражасын ийгиликтүү коргогон. ОшТУ да эмгектенген.



3. Кызы, Назарова Махабат Мадаминовна ОшМУ нун физика-математика факультетинин математика адистигин аяктаган. Көп жылдар бою Ош шаарындагы М. Ломоносов атындагы орто мектептин математика мугалими болуп иштеген. Азыркы учурда ардактуу эс алууда.



4. Уулу, Назаров Эркин Мадаминович Москва шаарындагы физика-техникалык университетин аяктаган. Ошол эле жерде аспирантурада окуп, физика-математика илимдеринин кандидаттык даражасын жактаган. Азыркы мезгилде ошол эле университетте мугалим болуп иштейт.



5. Кызы, Назарова Диларам Мадаминовна Новосибирский шаарындагы НГУнун математика адистигин аяктаган. Физика-математика илимдеринин кандидаты. Азыркы мезгилде, ошол эле университетте иштеп жатат.



6. Кызы, Назарова Лазакат Мадаминовна (Жумаева). Бишкек шаарындагы медициналык академияны аяктаган. Азыркы учурда Ош мамлекеттик университетинин Эл аралык медициналык факультетинин окуу иштери боюнча декандын орун басары болуп иштеп жатат. Медицина илимдеринин Phd.

Агай азыр болгондо, 90 жашка чыгып, балдары, небере-чеберелери, шакирттери менен той өткөрүп алардын сыйлуу коногу болмок. Тилекке каршы андай болбосо да, уул-кыздары, неберелери чогулушуп 90 жылдыкты белгилеп жатышканына да шүгүр кылалы.

Агайдын элеси, окуучуларына жасаган мамилеси, окуучуларынын, шакирттеринин эсинде дайыма сактала бермекчи.

**Литература**

Мадраимов С. (2022). *Өмүр сызыгы жана замандаштар сүйлөшөт,* 45.

*М.Н. Назаровдун фотоархивинен пайдаланылды*

*Ош МУнун жарчысы* (2008).